**12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алууга сунуш кылынган "Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики" (Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери) аттуу темадагы юридика илимдеринин кандидаты даражасын изденүүгө сунушталган Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын диссертациясы боюнча** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д. 12.23.669 диссертациялык кеңештин эксперти юридика илимдеринин доктору, Джумалиев Данияр Сардарбековичтин

## КОРУТУНДУСУ

Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй корутундунун жыйынтыгына токтолдум:

1. **Диссертациялык кеңеш коргоого диссертацияларды кабыл алууга укуктуу болгон адисттикке иштин (изилдөөнүн) дал келүүсү.**

"Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики" (Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери) темасынын үстүндө юридикалык илимдин кандидаты даражасын изденүүгө сунушталып жаткан Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын диссертациясы Д 12.23.669 диссертациялык кеңештин адистигине дал келет.

Аткарылган кандидаттык диссертациялык иште Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин мамлекет эгемендүүлүкө жеткен күндөн тарта референдумдардын, президенттик жана парламенттик шайлоолордун жыйынтыктары талданып, салыштырмалуу методтун негизинде шайлоо процессиндеги көйгөйлөр көрсөтүлгөн. Ошондой эле иште 1991-жылдан берки шайлоо процесстеринин талдоосунун негизинде шайлоо системасындагы жүргүзүлгөн реформалардын этаптары белгиленип, ар бир реформанын жыйынтыгын шайлоо процесстердин жыйынтыктары менен салыштыруусуна басым жасалып, баа берүүгө аракет кылынган. Албетте реформа мамлекеттик саясаттын, институционалдык түзүмдүн трансформациясы болгонудктан бир нече жылда эле ишке ашып кетүүсү мүмкүн эместигине токтолуп, учурдагы кырдаалга реалдуу баа берүү шайлоо процессинин негизинде мисалдар берилген. Жалпы жонунан аткарылган иш этаптарга бөлүнүп, ченемдик-укуктук актыларга таянып шайлоо процесиндеги жүргүзүлгөн реформалар, шайлоо процесстери

жана анын негизинде жыйынтыкар, көйгөйлөр талданып, изилдөө иши талаптарга жооп берүү мепен аткарылган жана 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистигинин паспортунун пунктарына (Кыргыз Республикасынын ЖАК Президиумунун 2016-жылдын 27-декабрындагы №235 токтомунун 2-тиркемеси) толук жооп берет. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктун негиздерин так аткаруу боюнча автор тарабынан берилген сунуштарда конституциялык укук жана муниципалдык укук маселелери изилденген.

2. **Диссертациялык изилдөөнүн максаты жана маселелери.**

Диссертациялык изилдөөнүн **максаты** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык негиздерин теориялык жактан карап жана аларды өнүктүрүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлган:**

1. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын түшүнүгүнө талдоо жүргүзүү;
2. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин изилдөө;
3. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоо;
4. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын бирдиктүү түзүлүшүнүн жалпы мүнөздөмөсүн аныктоо;
5. Шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизмдерин изилдөө;
6. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессинен чыккан көйгөйлөрдү аныктоо;
7. Шайлоо процессин калыптандырууда саясий партиялардын ролун жана алардын шайлоо процессинин калыптандыруусуна тийгизген таасирин талдоо;
8. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны өркүндөтүү механизимдерин талдоо.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин жана предметинин диссертациянын максатына жана маселелерине шайкештиги**.

Изилдөөнүн **объектиси** болуп Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин жүзөгө ашырууда келип чыккан укуктук мамилелер саналып, изилдөөнүн **предмети** деп Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин так аткарылышына алып келүүчү механизимдер, мамлекет менен жарандын шайлоо системасына байланыштуу укуктары жана милдеттери деп берилген.

**Изилдөө ыкмаларынын диссертациянын маселелерине шайкештиги.** Изилдөөнүн ыкмалары болуп төмөндөгүлөр белгиленген:

- атайын-юридикалык ыкмалар-салыштырма укуктук, формалдуу юридикалык;
- жалпы илимий ыкмалар-анализ, синтез, логикалык, системалык, функционалдык, ошондой эле жалпылаштыруу, салыштыруу, байкоо;
- жеке илимий ыкмалар – тарыхый анализ, эмпирикалык, социологиялык;
- таанып билүүнүн илимий ыкмаларынын комплекси түзөт.

Изденүүчү тарабынан колдонулган методтор 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук шфирине дал келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**.

Изденүүчү диссертациялык теманынын акуталдуулугун белгилөөдө Конституциянын укуктук-негиздерин ачып берүүгө кеңири токтолуп, Конституция – мамлекеттик түзүлүштү, адамдардын жана жарандардын негизги укуктарын жана эркиндиктерин, коомдогу негизги мамилелерди, мамлекеттин суверендүүлүгү сыяктуу маанилүү тармактарды аныктоочу, бекитүүчү эрежелерди камтыган эң жогорку юридикалык күчкө ээ болгон, референдум аркылуу же парламентте кабыл алынган укуктук нормалардын жыйындысы тууралуу маалыматтарды берүүдөн соң изденүүчү теманы ачып берген. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин ишке ашырууну талкулоодо коомдук көз карашты шайлоо нроцессине болгон мамилесин ачып берүүгө аракет көрүлгөн. Коомдогу иш-аракеттер, ар-түрдүү процесстер түздөн-түз укуктук нормаларды колдонуу менен ишке ашат деп белгилеп, ал эми коомдук тартипти бузуу, жол эрежесин сактабоо сыяктуу укук бузуулар укуктук норма тарабынан баа берилип жазага тартылуусу боюнча талдоо аркылуу аныктаган. Мамлекеттик бийлик тарабынан аткарылган укуктук баа берүүлөргө жарандар албетте таасирленет жана келечекте өздөрүнүн кыймыл аракеттерин ошого жараша жүргүзүшөт. Демек укуктук нормалар жарандардын кыймыл аракеттерине баа берүү аркылуу коомдук мамилелерди жөнгө салат жана бул процесс мыйзам ченеминде укуктук жактан жөнгө салуу деп белгиленет. Жогоруда берилген талкулоонун негизинде шайлоо системасындагы шайлоочулар тарабынан мыйзам бузууларга баа берилип, жоопкерчиликке тартуу механизимин жакшыртуу актуалдуу экендигине токтолгон. Шайлоочунун өзүнүн конституциялык укугуна маани бербегендигинен улам шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар өсүүдө. Жаран канчалык бийик деңгээлдеги укукка ээ болсо да, ошол жоопкерчиликти сезе билүүсү, жарандык милдеттерин так аткаруусуна сабаттуулугу болушу тууралуу белгилеп, акыркы жылдардагы шайлоочунун шайлоого катышпай жаткандыгы, же болбосо баарына каршы добуш берип

жаткандыгы шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринине доо келтирүүсү тууралуу маселени көтөрүп, көйгөйдү чечүү жолдорун иштеп чыгууга аракет көрүлгөн жана жүргүзүлгөн талдоолор менен аныктоолор теманын актуалдуулугун көтөрдү.

**3. Илимий натыйжалар.** Автор, аткарган ишинде шайлоо системасы менен билим берүү системасындагы практикалык тажрыйбасын колдонуп жигердүү изилдөө ишин жүргүзгөн. Илимий иште изденүүчү теорияга, ченемдик-укуктук актыларга, шайлоо процессиндеги тарыхый учурларга таянып жүргүзгөн. Илимий натыйжалар билим берүү системасына караштуу жогорку окуу жайларынын окуу методикалык пособияларын иштеп чыгууда, мыйзам иштеп чыгуу эксперттик топтордо, шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин өркүндөтүү боюнча илимий жаатындагы изденүүчүлөрдүн илимий иш процесстеринде колдонулуп, шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин өнүгүп өсүшүнө пайда алып келет.

**1-натыйжа.** Изденүүчү илимий иште коюлган максатка жетүү үчүн биринчи милдетке Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын түшүнүгүн талдап аныктаган. Бул тема, өзгөчө Кыргызстандагы саясий процесстердин жана демократиялык өзгөрүүлөрдүн контекстинде изилдөөнүн маанилүү багыты бөлуп саналат. Алгач изденүүчү адабияттарга, анын ичинде илимий иштерге, укуктук документтерге, аналитикалык отчетторго жана Кыргызстандын шайлоо системасына тиешелүү башка булактарга кеңири сереп салган. Шайлоо системасынын иштешинин негизги аспектилерин жана принциптерин аныктаган соң, анын түзүмүн, мыйзамдык базасын, жол-жоболорун жана механизмдерин, шайлоону уюштуруунун принциптерине талдоо жүргүзгөн. Бул үчүн изденүүчү шайлоону өткөрүү боюнча мурунку тажрыйбаны, анын ичинде шайлоо процесстерине мониторинг жүргүзүү жана баалоо учурунда аныкталган көйгөйлөрдү жана кемчиликтерди талдады. Алынган жыйынтыктардын негизинде изденүүчү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын жакшыртуу боюнча анын натыйжалуулугун, ачык-айкындуулугун жана демократиялуулугун жогорулатууга өбөлгө боло турган рекомендацияларды жана сунуштарды иштеп чыкты. Ошентип, анын изилдөөсү өлкөдөгү шайлоо процессинин өнүгүшүндө маанилүү жана демократиялык институттарды андан ары бекемдөөгө салым кошот. Автор Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын күчтүү жана алсыз жактарын аныктоого, ошондой эле аны өркүндөтүүнүн мүмкүн болгон жолдоруна өзгөчө коңул бурган.

**2-натайжа**. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин изилдөөдө мамлекеттеги шайлоо процесстеринин убакыттын

өтүшү менен эволюциясын жана өнүгүшүн түшүнүүгө багытталган маанилүү милдет болуп саналат. Тарыхый аспектилерди карап чыгуу шайлоо системасынын негизги принциптеринин жана институттарынын калыптанышына, ошондой эле анын өнүгүшүнө таасир эткен негизги учурларды аныктоого мүмкүндүк берет деп, автор Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын эгемендүү күндөн тарта азыркы учурга чейин изилдеп талдаган. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин изилдөө аркылуу шайлоо системасын жакшыраак түшүнүүгө жана андан ары өркүндөтүү үчүн потенциалдуу багыттарын аныктоого мүмкүн түзүлөт деп, демократиянын жана укуктук мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн маанилүү аспект катары баалап, изденүүчү темага кылдат изилдөө жүргүзгөн.

**3-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоо бул шайлоо системанын иштөө принциптерин, ошондой эле мамлекеттин саясий процессиндеги ордун жана ролун түшүнүү үчүн негизги тема болуп саналарын аныктап берген. Кыргызстандын шайлоо системасын талдоо үчүн изилдөөнүн ар кандай ыкмалары колдонуларын, анын ичинде ченемдик актыларды укуктук талдоо, башка өлкөлөрдүн ушундай системалары менен салыштырма талдоо, социологиялык сурамжылоолор жана эксперттик баалоолор саналат деп белгилеген. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоо анын күчтүү жана алсыз жактарын, ошондой эле демократиялык принциптерге жана эл аралык стандарттарга ылайык анын натыйжалуулугун жакшыртуу жана өркүндөтүү үчүн потенциалдуу жолдорду аныктоого мүмкүндүк берет деп белгилеген.

**4-натыйжа.** Автор Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын бирдиктүү түзүмүнүн негизги мүнөздөмөлөрүн талдап, аныктаган. Шайлоону уюштуруу жана өткөрүү үчүн тиешелүү БШК, АШК, УШК шайлоо комиссияларынын иштөө принциптерин, эрежелерин, мыйзамдагы талаптарды талдап берген. Бардык деңгээлдеги шайлоо процесстерин жөнгө салуучу ченемдер жана принциптер шайлоо жаатындагы негизги мыйзам актысы болуп саналгандыгына токтолуп, шайлоо комиссияларына тийиштүү мыйзамга толуктоолорду киргизүү боюнча сунуштарды талдап, аныктап, ачып бере алган. Бирдиктүү шайлоо системасы шайлоочулардын эркин жана шайлоонун адилеттүүлүгүн кепилдөө үчүн шайлоо процесстеринин максималдуу ачыктыгын жана айкындыгын камсыз кылууга умтуларын, саясий партиялардын, коомдук уюмдардын жана жарандык коомдун шайлоого мониторинг жүргүзүп жана контролдоого катышуусуна мүмкүнчүлүк берип мыйзамдуулукту орундатып жана коомдун шайлоого болгон ишенимин

жогорулатууга салым кошушат деп токтолгон. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын бирдиктүү түзүмү демократиянын, адилеттүүлүктүн жана ачык-айкындуулуктун принциптерине ылайык бардык деңгээлдерде шайлоону уюштурууну жана өткөрүүнү камсыз кылат, бул мамлекетте бийлик органдарынын мыйзамдуу жана легитимдүү калыптанышы үчүн негиз болуп саналат жана аны өркүндөтүүгө бирдиктүү шайлоо системасынын тиешелүү мыйзамына өрзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштаган: Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамын 3-беренесине “натыйжалуулук” принциби менен толуктоо, ушул эле мыйзамдын 23-беренесин, 14-пункт “*Аймактык, участкалык шайлоо комиссиясы өзүнүн ыйгарым укуктарын жана тиешелүү участкасында шайлоочулардын шайлоого катышуусунун пайыздык көрсөткүчтөрү 50% 70% 90% жогору болгон учурда тиешелүү участактын мүчөлөрүн сыйлоо каралсын*” деген толуктоолорду киргизүү сунушталган.

**5-натыйжа.** Шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартуунун механизмдерин изилдөө Кыргыз Республикасында шайлоонун мыйзамдуулугун, адилеттүүлүгүн жана ачык-айкындыгын камсыз кылуудагы маанилүүлүгүн аныктаган. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза жана укук бузуулар жөнүндө кодекстеринин негизинде конкреттүү укук бузууларды аныктап жана тиешелүү жоопкерчиликке тартылуу тууралуу талдоонун негизинде иш алып барган. Шайлоонун жүрүшүн көзөмөлдөө, талапкерлерди каттоо, добуштарды эсептөө жана шайлоо мыйзамдарынын сакталышын камсыз кылуу үчүн жооптуу органдарды атап, ар биринин шайлоо процессинин жүрүшүндөгү ордун, ролун аныктаган. Илимий изилдөөнүн алкагындагы талданып белгиленген көйгөйлөрдүн ичинен автор “*добуш сатып алууга*” токтолуп, чечүү жолдордун бири шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесин 3-пунктун киргизүүсү сунушталган. Негиз катары добуш сатып алган талапкер менен анын тарапташтары сыяктуу эле, өз добуш саткан шайлоочуну да Кылмыш-жаза кодекси менен жоопкерчиликке тартылуусу шайлоочунун жоопкерчиликтүү болуусуна алып келет деп толуктаган. Ал эми Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинде каралган 63-беренени жокко чыгаруу сунушталган, себеби, 1000 сомдук айып пулга жыгылуу “паракор” шайлоочу үчүн эч бир коркунуч жаратпоосу белгилүү болгонун акыркы 2020-жылдагы шайлоо далил деп аныктаган. Ошентип, автор шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизмдерин изилдөө шайлоо мыйзамдарынын сакталышын камсыз кылуу,

шайлоочулардын укуктарын коргоо, өлкөдөгү демократиялык принциптерди сактоо үчүн маанилүү деп билдирген.

**6-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессиндеги негизги көйгөйлөр талданып аныкталды. Парламентти түзүүдө жана өлкөнүн саясий турмушун аныктоодо шайлоо системасы маанилүү экендиги жана шайлоо өткөрүү процессинде мыйзамдуулук принцип олуттуу болгону аныкталды. Шайлоочунун шайлоого катышкан санынын төмөндөөсү талданып, автор төмөндөгү сунуштарды киргизди: КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жонүндө КРнын конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин 7-пунктун изденүүчү томөндөгүдөй тартипте берилүүсүн сунуштайт "*Мандаттарды бөлүштүрүүдө алгач шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген талапкер алат. Мандат бошогон учурда, шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген экинчи талапкерге берилүүсү каралсын. Кезектеги талапкер тиешелүү бир мандаттуу шайлоо округунан шайлоого катышкан шайлоочунун 0,25 % алуусу шарт. Эгерде кезектеги талапкерлер тиешелүү пайыздуулук көрсөткүчүн алалбаса анда мыйзамда каралган мөөнөттө кайра шайлоо дайындалат*" деп берилген сунуш илимий иште талданып, аныкталган.

**7-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо процессине активдүү катышуусун ишке ашырууда саясий партияны колдонуу мүмкүнчүлүгү илимий иште талданып жана учурдагы ЖКнин депутаттарынын шайлоосунан келип чыккан көйгөйгө таянып изденүүчү КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин, 2-пунктуна өзгөртүү киргизүү сунуштайт "*Шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, шайлоого укугу бар, жогорку кесиптик билими бар, мамлекеттик жана муниципалдык кызматта 3-жылдан кем эмес эмгек стажы бар, же болбосо жергиликтүү кеңеште бир чакырылыштан кем эмес депутаттык стажы бар КРнын ЖКнин депутаты болуп шайлана алат*". Автор берилген сунушун төмөндогүдөй аныктап берген: КРнын ЖКнин депутатына талапкерлердин тизмесинин сапатынын жакшырышы анын ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга, кабыл алынган ченемдик-укуктук актылардын сапатын жакшыртууга жана коомдун мыйзам чыгаруу бийлигине болгон ишенимин бекемдөөгө алып келет. Бул өз кезегинде укуктук мамлекетти өнүктүрүүгө жана коомдо мыйзамдуулукту жана адилеттүүлүктү камсыз кылууга өбөлгө түзөт.

**8-натыйжа**. Шайлоо системасынын конституциялык – укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны өркүндөтүү механимизми туралуу

талдоо жүргүзүп КРнын Конституциясына толуктоо киргизүү иштелип чыгып сунушталат: Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 4-пунктун "*Шайлоолор жана референдумдар эркин, жалпыга бирдей, тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт. Кыргыз Республикасынын 18 жашка толгон жарандары шайлоо укугуна ээ болот жана катышууга милдетүү*". Берилген сунушка байланыштуу Конституциянын 37-беренесинин 1-пунктуна да өзгөртүү киргизүү негиз жараларын билдирип төмөндөгүдөй толуктоо сунушталган "*Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга укукту, ошондой эле референдумга, президенттик шайлоого, КРнын ЖКни менен жергиликтүү кенештин депутатын шайлоого катышууга укуктуу жана милдеттүү*". Автор берген сунушун илимий иште аныктап, негиздеп бере алган.

**3.1. Алынган жыйынтыктар илимий жаңылыгы менен юридикалык илимдин чегинде мүнөздөлөт**

**1-натыйжа.** 2021-жылдын 11-апрелинде кабыл алынган Конституциянын негизинде Кыргыз Республикасынын шайлоо системасына өзгөртүүлөр киргизилгендигине байланыштуу 2021-жылдан 2024-жылдын 28-апрелине чейин болгон шайлоолордун негизинде жүргүзүлгөн талдоолор шайлоо системанын учурдагы түшүнүгүн аныктап бергендигине байланыштуу илимий жыйынтык жаңы.

**2-натыйжа.** Илимий сунуштун жаңылыгы анын Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин ачып берүүдө изденүүчү илимий изилдөөнүн негизинде эгемендүү Кыргыз Республикасында шайлоо системасынын калыптануусун жана өнүгүүсүнүн негиздерин 4-этапка бөлүп аныктаган:

**1-этап. Демократиялык институттарды түзүү мезгили (1991-2000).** Көргөзүлгөн мезгилде демократиялык институттарды, анын ичинде шайлоо системасын түзүү башталгандыгы, ошондой эле бул 1993-жылы кабыл алынган эгемендүү Кыргыз Республикасынын алгачкы Конституциясында шайлоо системасынын негизги принциптери, анын ичинде шайлоого болгон укуктар, эркиндик жана адилеттүүлүк принциптери бекемделгендиги аныкталган.

**2-этап. Шайлоо системасын өркүндөтүү, санариптешүү системасынын биринчи этаптары (2000-2010).** Белгиленген мезгил шайлоо системасындагы санариптешүүнүн алгачкы багыттары деп аныкталып, ошондой эле "ГАС-Шайлоо" системасы жана бирдиктүү шайлоо округу боюнча пропорционалдуу система киргизилүүсү талданган.

**3-этап. Шайлоо системасындагы орчундуу реформанын жүрүү этабы (2010-2020).** Белгиленген учурда изденүүчү демократиялык принциптерди ишке ашыруу максатында партиялык тизме менен пропорционалдык система киргизилип, санариптештирүү жана автоматташтыруу системасынын өркүндөтүү жолдору талданган.

**4-этап. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын азыркы мезгилдеги иштөө жана өнүгүү этабы (2020-азыркы мезгилге чейин).** Бул этапта изденүүчү 2020-жылдын 4-октябрындагы парламенттик шайлоодон кийин Кыргызстанда саясий өзгөрүүлөр орун алып, шайлоо системасынын натыйжалуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу үчүн жүргүзүлгөн реформанын багыттары каралган.

Этаптарга бөлүп кароо аркылуу изденүүчү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын күчтүү жана алсыз жактарын аныктоого, ошондой эле аны өркүндөтүүнүн мүмкүн болгон жолдоруна өзгөчө көңүл бура алган.

**3-натыйжа.** Илимий сунуштун жаңылыгы Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоодо шайлоо системасынын иштешине комплекстүү изилдөө жүргүзүп, анын натыйжалуулугун жана адилеттүүлүгүн өлчөө, ошондой эле анын демократиялык стандарттарга жана принциптерге шайкештигин баалоо маанилүү методологиялык маселе катары аныктап, шайлоо процесстерин баалоо жана талдоо үчүн колдонулган теориялык түшүнүктөр, методологиялык ыкмалар, эки кадам менен аныкталып изилдengendигинде жатат.

**4-натыйжа.** Илимий сунуштун жаңылыгы Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамын 3-беренесине "натыйжалуулук" принцибин толуктоо сунуштагандыгында жана ушул эле мыйзамдын 23-беренесине "*Аймактык, участкалык шайлоо комиссиясы өзүнүн ыйгарым укуктарын жана тиешелүү участкасында шайлоочулардын шайлоого катышуусунун пайыздык көрсөткүчтөрү 50% 70% 90% жогору болуу учурда тиешелүү участактын мүчөлөрүн сыйлоо каралсын*" деп берген сунушунун негизинде илимий жаңылыгы бар деп бааланды.

**5-натыйжа.** Жаңы. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 3-пунктуна "*Шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды, материалдык баалуулуктарды алуу же болбосо кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алуу жолу менен шайлоочу добушун сатууда-500дөн 1000 эсептик көрсөткүчтөргө (50 000ден 100 000 сомго чейин) чейин айып салууга жазаланат*" киргизүү сунушталды.

**6-натыйжа.** Жаңы. КРнын ЖКнин бир мандатту округтан шайланып келген депутаттын мандаты бош калган учурдагы процедурага өзгөртүү киргизүү изилденип, талданым, учурдун талабына жооп бере алган өзгөртүү сунушталды.

**7-натыйжа.** Жаңы, илимий иште берилген сунуштоону илимий жаатында жетиштүү түрдө толуктоолорду киригизип, өркүндөтүүнүн үстүндө иштөө мүмкүнчүлүгү ачылды. Мыйзам жаатында берилген сунуш жаңы көз карашты жаратат, албетте аны менен бирге терс ой-пикрилер да жаралат. Ошондуктан сунуш жаңы, учурдун талабы, ошол эле учурда изилдөөнүү улантуу, толуктоолорду киргизүү да сунушталат.

**8-натыйжа**. Шайлоо системасынын конституциялык – укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны өркүндөтүү боюнча Конституциянын 2- жана 37-беренелерине шайлоочунун милдети тууралуу толуктоо киргизүү сунушталганы жаңы деп аныкталды.

**3.2. Илимий натыйжалардын негиздүүлүгүн негиздөө**

**Диссертациялык иште формулировкаланган жыйынтыктар жана корутундулар жетиштүү түрдө негизделген**.

**1-натыйжа.** Жетиштүү түрдө негизделген, автор берилген сунушкка илимий көз караштa карап, анын жаңылыгын ачып бере алган: бийликтин бутактарынын биргелешип иштөө идеясынын жалпы максаты - шайлоонун ачык-айкындуулугу, адилеттүүлүгү жана аныктыгын камсыз кылуу үчүн ар кандай мамлекеттик бийлик институттарын жана органдарын интеграциялоо зарылдыгын баса белгилейт; бийликтин бардык бутактарынын биргелешип иштеши шайлоо системасынын натыйжалуу иштешине алып келген синергетикалык эффектти жаратат жана биргелешкен аракеттер шайлоонун сапатын жана ишенимдүүлүгүн жогорулатууда бийликтин ар бир бутагынын ресурстарын жана компетенцияларын максималдуу пайдаланууга мүмкүндүк берет деп негиздеген.

**2-натыйжа.** Жетиштүү негизделген. Тарых изилдөө ишинде маанилүү ролду ойнойт, анткени ал изилдөө темасынын эволюциясын жана өнүгүшүн түшүнүүгө, негизги тенденцияларды, пункттарды жана көйгөйлөрдү аныктоого, ошондой эле тарыхый окуялардын жана контексттин изилдөө объектисинин учурдагы абалын калыптандырууга тийгизген таасирин байкоого мүмкүндүк берет. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын калыптануусун жана өнүгүүсүн изденүүчү негизги этаптарга бөлүп аныктаган.

**3-натыйжа.** Ишенимдүү негизделген. Шайлоо системасынын натыйжалуулугун жана адилеттүүлүгүн өлчөө, ошондой эле анын демократиялык стандарттарга жана принциптерге шайкештигин баалоо

маанилүү методологиялык маселелер болуп саналат деп илимий иште талданып аныкталган.

**4-натыйжа.** Ишенимдүү негизделген, берилген сунушу жетиштүү түрдө аныкталган. Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамдын 3-беренесине жана 23-беренесине сунушталган өзгөртүүсү негиздүү аныкталган.

**5-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, автор Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 3-пунктуна толуктоо киргизүү сунуштады. Добуш сатып алуу процессинде жоопкерчиликке добуш сатып алган тарап гана тартылат (талапкер, шайлоо бирикмеси, шайлоо блогу ж.б.) ал эми өз добушун саткан шайлоочунун жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 63-беренесинде каралып, айып пул катары 1000 сом каралган, бул добуш сатып алуу көйгөйүн жоюуда алсыз берене экендиги талдоонун негизинде аныкталган.

**6-натыйжа.** Жетиштүү түрдө негизделген, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессиндеги негизги көйгөйлөр талданып анын негизинде берилген сунуштар аныкталган. Автор ЖКти түзүүдө шайлоо система маанилүү экендигин жана шайлоо өткөрүү процессинде мыйзамдуулук принцип олуттуу болгонун аныктап, шайлоочунун шайлоого катышкан санынын төмөндөөсү талданып аныктоосунун негизинде КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө КРнын конституциялык Мыйзамына жаңы сунуштарды киргизген.

**7-натыйжа.** Ишенимдүү, шайлоо процессин калыптандырууда саясий партиялардын ролу талданып, саясий партиялардын шайлоо процессинин калыптандыруусуна тийгизген таасири аныкталган жана изденүүчү саясий партиянын ролун күчөтүү боюнча жаңы сунуштар киргизген.

**8-натыйжа.** Жетиштүү түрдө негизделген, Кыргыз Республикасынын жараны Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык эгемендиктин ээси жана мамлекеттик бийликтин башында турат. Жарандын шайлоо укугун ишке ашырууга умтулуусун өркүндөтүп, өстүрүү керектиги талданып, эркин жана чынчыл шайлоолорду камсыз кылуу милдети туруктуу демократиялык каада-салттуу мамлекеттерде биринчи орунда турат деп аныктап негизделген.

### 3.3. Диссертациянын теориялык мааниси

Диссертациялык изилдөө Кыргыз Республикасынын шайлоо системасындагы конституцниялык-укуктук негиздерин ишке ашырууга арналган илимий изилдөө болуп саналат. Диссертациялык изилдөө иш теориялык материалдарга, мыйзам ченемдерине негизделип эгемендүү

шайлоо системасынын шайлоо процесстери талданып Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын шайлоосунун жыйынтыктарынын сандары салыштырмалуу иретте берилип, анын негизинде шайлоо системасындагы көйгөйлөр тастыкталган.

Изденүүчү изилдөө ишинде Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин жакшыртуу жолдорун негиздөө үчүн изилдөө иштерин уюштуруп, коргоого коюлган негизги жоболорун формулировкалаган. Өз убагы келгенде диссерталциялык иштин алкагында жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы: берилген сунуштар, иштелип чыккан талдоонун жыйынтыктары шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин ишке ашыруу үчүн конституциялык мыйзамдарга өзгөртүү киргизүүдө, шайлоо системасына тиешелүү окуу программаларын иштеп чыгууда колдонууга алынып, теориялык маанилүүлүгү жагынан салым кошот деп эсептейбиз.

**3.4. Кандидаттык диссертациянын квалификациялык белгилерине туура келүүсү**

Юридикалык илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунушталган Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын “Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики” (Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери) аттуу темадагы диссертациялык иштин аткарылышы 12.00.02-конституциялык укук; муниципалдык укук адистигине дал келип, диссертация берүү тартиби жөнүндөгү Жобонун 11-пунктунун талаптарына жооп берет.

Диссертациялык илимий изилдөө иши жеке илимий иш, мазмуну квалификациялык белгилерге ылайык келип, илимий иште изилдөөнүн жакшы жетишкендиги боло алган жыйынтыктар берилди. Илимий иш мамлекеттик тилде берилгендиги илимий жааттагы жаңы муундун кыргыз тилдүү болуусуна түрткү боло алат.

**4. Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси**

Иште каралган Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин теориялык жагы, 1991-жылдан 2024-жылга чейинки өтүлгөн шайлоо процесстери каралып, берилген сунуштар менен жыйынтыктар юридикалык жана саясий жаатындагы илимий иштерде, мыйзам иштеп чыгууда, жогорку окуу жайларда окуу методикалык пособияларын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**5. Авторефераттын диссертациясынын мазмунуна дал келүүсү**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, изилдөөнүн

максатына жана маселелерине дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бирдей.

**6. Эскертүү:**

Жалпысынан кандидаттык диссертация боюнча орчундуу сын-пикирлер жок, бирок кошумча редакциялоонун зарылдыгы бар экендиги белгиленет.

**7.Сунуштар:** Н.Абдылдаеванын кандидаттык диссертациясы боюнча дайындалсын:

- **жетектөөчү уюм** катары Кыргызстандын эл аралык университетинин “Юриспруденция жана эл аралык укук” кафедрасын. Дареги: Бишкек ш., 7-апрель көч.4 а;
- **биринчи расмий оппонент** – юридика илимдеринин доктору Токтогулов Алмаз Асылбекович. 12.00.02 конституциялык укук, муниципалдык укук боюнча адис.
- **экнньчи расмий оппонент** – юридика илимдеринин кандидаты Сатимкулов Убайдулла Акилбекович. 12.00.02 конституциялык укук, муниципалдык укук боюнча адис.

**8. Сунуштар:** Диссертациялык кеңешке коргоо сунушталат. Мындан ары бул багыттагы ишти улантып шайлоо системасын жакшыртуу максатында иштелип чыккан сунуштарды Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына толуктоолорду киргизүүгө сунуштарды берип активдүү иш алып баруусу сунушталат.

**9. Корутунду.** Автор тарабынан алынган тыянактар жана натыйжалар баптар менен бөлүмдөрдүн мазмуну бирдиктүүлүк, ырааттуулук менен берилген. Изилдөө иши компетенттүү аныкталып, иштин максаттары жана чечүүчү негизги милдеттеринин өз ара байланышЫ, ички биримдиги бар болуп, ырааттуулук менен түзүлгөн. Коргоого алынып жаткан натыйжалардын жана жоболордун шайлоо системасында актуалдуу экендиги, автордун ишинде алдын ала берилип, изилдөөнүн негизинде талданып, негиздери берилип, 2018-жылдан берки басылып чыгып келген илимий макаларындагы сунуштары бүгүнкү күндө коомчулукта талкууга аланып жаткандыгы иштин актуалдуулугуна далил боло алат.

Коргоого алынып жаткан натыйжалардын жана жоболордун жаңылык даражасы - илимий ишите автор шайлоочунун шайлоо системасындагы конституциялык-укуктук негиздерин ишке ашыруусунда 1991-жылдан 2024-жылга чейинки шайлоонун жыйынтыктарына талдоо жүргүзүп, шайлоонун жыйынтыгын бурмалаган учурларды далилдеп жана андан кийин ийгиликтүү ишке ашкан шайлоо системасындагы реформанын негизиндеги шайлоонунун

жыйынтыгын бурмалоолорун өзгөрүү механизимдерин көрсөтүп, ортодогу айырмачылыктын негизинде көйгөйгөйлөрдү белгилеп, алардын өзгөрүүсүнө жана анын негизинде сунуштарга токтолгонго аракет көрүлгөн. Ошондой эле илимий иште автор Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңештин депуттарынын шайлоолорун анализдеп, шайлоочунун шайлоо тизмесиндеги санын, шайлоого келип шайлап кеткен шайлоочунун санын жанан анын ичинен канчасы баарына каршы экендиги тууралу талдоо жүргүзүп илимий ишинде чагылдырып, сандардын өзгөрүүсүн далил катары көрсөтүп, бүгүнкү күндө жарандын, анын ичинде шайлоочунун аң сезимине реформа керек экендигине токтолуп, сунуштарды бергенге аракет көрүлгөн.

**10.** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д. 12.23.669 диссертациялык кеңештин эксперттик мүчөсү, юридикалык илимдеринин доктору Джумалиев Данияр Сардарбекович “Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики” (Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери) темасындагы Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын диссертациялык ишин 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын жактоого алуусун сунуштайт.

**Эскперттик комиссиясынын мүчөсү:**
**юридика илимдердин доктору** **Джумалиев Д.С.**
“10” 06 2024-ж.,

Кол тамгасын тастыктайм:

Окум. катчы: Сагынаева А.М. 10.06.2024